
# Кызыктуу үч бурчтуктар



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу

# Кызыктуу үч бурчтуктар

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Кызыктуу үч бурчтуктар» (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Элтуран Максатбек уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Уултай математика сабагын абдан жакшы көрөт. Берилген тапшырманы ар дайым кубануу менен аткарат. Эсеп чыгарат. Геометриялык фигуралардын сүрөттөрүн тартат. Ар кандай кызыктуу чиймелерди чиет.


Бир күнү Уултай картонго үч капталы бири-бирине барабар болгон үч бурчтук чийди. Үч бурчтукту кайчы менен кесип алды. Анын капталдарын барабар үч бөлүккө бөлүп, белги койду.

Ошол белгилерди бириктирген сызыктарды сызды. Үч бурчтуктун ичинде жарыш сызык, кесинди, сынык сызык, үч бурчтук, төрт бурчтук, алты бурчтуктар пайда болду.





Уултай сиңдиси Эрика экөө кесинди, сынык сызык, кайчылаш сызык, үч бурчтук, төрт бурчтуктарды санашты. Чоң үч бурчтук менен кичине үч бурчтукту салыштырышты. Уултай жактары 15 см болгон үч бурчтуктун периметрин тапты. Чоң үч бурчтуктун ичиндеги бир үч бурчтук анын канча үлүшүн түзө турганын эсептеди.




Эми үч бурчтуктун ар бир чокусун маңдайкы капталынын ортосу менен туташтырды. Ошол чекиттерди да бириктирди. Биринин ичинде бири болгон мурдагыдан да көп үч бурчтук, төрт бурчтуктар пайда болду.

Бирдей үч бурчтуктарды окшош түскө боёду. Алардын аянттарын эсептеди. Экөө канча үч бурчтук, төрт бурчтук болгонун эринбей санап чыгышты. Канча үч бурчтук бири-бирине окшош, канчасы барабар экенин тактаашты. Көп жолу адашып жатып, акыры аягына чыгышты.



Ошентип Уултай бир эле үч бурчтук аркылуу сиңдисине математиканы түшүндүрүп берди. Анан Эрика чоң үч бурчтуктун бурчтарын ички үч бурчтуктун негизинен бүгүп койду эле, жакшынакай алты бурчтуу стол болуп калды. Экөө тең фигуралардан столду жасап алгандарына кубанып кетишти.



– Ушул күнү алар ата-энеси менен айылдагы чоң атасыныкына келишти. Чоң энеси жасаган курак төшөктөрдөн, дубалда илинип турган туш кийизден бүгүн тарткан геометриялык фигураларды көрүштү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - **3.1 деңгээли**
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли